КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) кезексиз**

**III сессиясы**

**Токтом № 01-5/8**

Сүлүктү шаары 27.01. 2025-жыл

**Сүлүктү шаарынын аймагында кечки саат 21-00дөн кийин спирт ичимдиктерин сатууга тыюу ( чектөө) киргизүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык ички иштер бөлүмүнүн 0.12.2024ж. №34-4/2148 сандуу шаар аймагында кечки саат 21-00дөн кийин спирт ичимдиктерин сатууга тыюу ( чектөө) киргизүү жөнүндөгү токтом кабыл алып берүү жөнүндөгү катын талкуулап чыгып Кыргыз Рспубликасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-12 пуктунун жана Сүлүктү шаардык кеңешинин Регламентинин 2-бөлүмүнүн 14 пунктунун жана Кыргыз Республикасынын “Этил спиртин жана алкоголдук продукцияларды өндүрүүнү жана сатууну мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндөгү” Мыйзамынын 13-беренесинин 2,3 пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамынын негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин (төртүнчү чакырылышынын) XXV-сессисынын 15.03.2012ж. №147 “Сүлүктү шаарынын аймагындагы соода точкаларында жана коомдук тамактануучу жайларында алкоголдук ичимдиктерин сатуу эрежелери жөнүндө токтому жокко чыгарылсын
2. Шаар аймагында кечки саат 21-00дөн кийин спирт ичимдиктерин сатууга тыюу ( чектөө) киргизилсин
3. Шаардын аймагындагы билим берүү мекемелерине 100 метр аралыктан жакын аймактарда жана медициналык мекемелердин аймагында алкоголдук ичимдиктерди сатууга тыюуу салынсын
4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы шаардык мэрияга жана шаардык ички иштер бөлүмүнө жүктөлсүн
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин “Мыйзамдуулук депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш” боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага БА. Абдуназаров